Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат
Жамааттык ЖМКлардын Бирлиги
ТЕКШЕРДИМ!
Internews в Кыргызстане

# Акмат менен Ташматтын күндөлүктөрү

Сценарийдин автору
Эльмира Токтогулова, медиаэксперт

Кеңешчилер
Сейнеп Дыйканбаева, Аскар Турдугулов




**Кымбаттуу достор!**
Бул Акмат жана Ташмат. Алар эң жакын достордон - айылдын карапайым жигиттери: Акмат сабырдуу, окууга абдан жеңил, токтоо, эстүү, ал эми досу Ташмат абдан эмоционалдуу, ишенчээк жана ушундан улам кызыктуу жагдайларга көп кабылат. Айдана алардын кошунасы жана досу, ал сезимтал, ар дайым жардам берүүгө даяр. Апаке - бул Акматтын акылман, тажрыйбалуу апасы, пенсиядагы дарыгер. Апаке да окуяларда маанилүү ролду ойнойт. Ал эми Майрам менен Сайра – Акмат менен Ташматтын жубайлары.

7 сериядан турган комиксте айыл турмушун чагылдырган башка каармандар да пайда болот. Келгиле, алар менен чогуу биз медиа жана маалыматтык сабаттуулукту жогорулатуу жолунда кызыктуу окуялардан өтүп, сабаттуу болууга үйрөнөбүз!


## 3-серия: «Мени түшүнүш үчүн менин бут кийимимди кийип көр» - социалдык тармактардагы майыптыгы бар адамдарга карата дискриминация жөнүндө.




МЕНИН ЖЭЭНИМДЕ ДЦП БАР. ЭГЕР КИМДИР БИРӨӨ МЕНИН КӨЗҮМЧӨ АНЫ КЕМСИНТИП АЙТСА, САЗАЙЫН БЕРЕТ ЭЛЕМ!
ТУУРА ЭЛЕ СУНУШТАР ГО? МАСЕЛЕ ЖАРАЛБАШ ҮЧҮН, БҮТ ИНВАЛИД БАЛДАРДЫ СОО БАЛДАРДАН БӨЛҮП КОЮШ КЕРЕК ДА!
"ИНВАЛИД", "СОО-ЭМЕС" ДЕГЕН СӨЗДӨР ӨТӨООР ТИЙЕТ, КОЛДОНБОШ КЕРЕК. "МАЙЫПТЫГЫ БАР АДАМ" ДЕСЕҢ. КЕЧИНДЕ БУЛ МАСЕЛЕНИ ТАЛКУУЛАЙЛЫЧЫ!


КАРАЧЫ, ЭКИ БУТУҢ ТЕҢ СЫНЫП КАЛЫПТЫР. СЫНЫКТАРДЫ ГИПСКЕ АЛАБЫЗ. СӨӨКТӨРҮҢ ТОЛУК АЙЫГЫШЫ ҮЧҮН 2-3 АЙ КЕРЕК БОЛОТ.
СЫНЫК ДЕЙСИЗБИ? ЭМИ КАНТИП БАСАМ, КАНТИП ИШТЕЙМ?
САГА УБАКТЫЛУУ КОЛЯСКА БЕРЕМ, АНДАН КИЙИН БАЛДАК МЕНЕН БАСА БАШТАЙСЫҢ.
ТАШМАТ КОЛЯСКА МЕНЕН АЙЫЛДА ЖҮРГӨНГӨ АРАКЕТ КЫЛАТ.
ТАРС
ПЛЮХ
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ


ТАШМАТ ЖОЛ ЧЕТИНДЕ ОТУРАТ...
ЖАНЫНАН АДАМДАР ӨТҮП, БАЛДАР ЧУРКАП, ОЙНОП ЖАТЫШАТ. ЖАШОО ӨЗ НУГУ МЕНЕН ЖҮРҮП ЖАТАТ.
ЭЙ, ЧОЛОК БААТЫР! ЖОЛДУ ТОСПОЙ, БАРЧЫ ҮЙҮҢӨ!
КЕЧИНДЕ БААРЫ АКМАТТЫН ҮЙҮНДӨ ЧОГУУ ОТУРУШАТ...
КАНДАЙСЫҢ, ДОСУМ? КЕЛ, СӨӨРҮГӨ КӨТӨРҮП ЧЫГАРЫП КОЁЮН?
ЖОК, РАХМАТ! БҮГҮН КӨП НЕРСЕНИ ТҮШҮНДҮМ. ООРУ БУТУ СЫНГАНДАН ЭМЕС, ООРУТКАН СӨЗДӨН, ЖАМАН МАМИЛЕДЕН КҮЧӨЙТ ЭКЕН.


МАЙЫПТЫГЫ БАР АДАМДАР КАНЧА ЖЕК КӨРҮҮГӨ ДУУШАР БОЛУП, КАНЧАЛАГАН КЕМСИНТҮҮ-ЛӨРГӨ ТУШ БОЛУШАТ!
ТУУРА, БИРӨӨНҮН БУТ КИЙИМИН КИЙИП КӨРМӨЙҮН, АНЫН БАСКАН ЖОЛУН ТҮШҮНӨ АЛБАЙСЫҢ.
АДАМДАР КАНДАЙДЫР БИР АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРДАН УЛАМ БИРӨӨНҮН УКУГУН ЧЕКТЕГИСИ КЕЛСЕ – БУЛ ДИСКРИМИНАЦИЯ.
БУГА ЧАКЫРГАН ЛЕКСИКА - ЖЕК КӨРҮҮ ЖЕ КАСТЫК ТИЛИ ДЕП АТАЛАТ.
КАРАСАҢ, КАНДАЙ КҮЧТҮҮ АДАМДАР! БООР ООРУУНУ СУРАШПАЙ, ЖӨН ГАНА КООМДУН БИР БӨЛҮГҮ БОЛГУЛАРЫ КЕЛЕТ
Жогорку Кенеш
ТАШМАТ ТЕЛЕФОНУН АЛЫП, ИНКЛЮЗИВДИК БАЛА БАКЧА БОЮНЧА ЖАҢЫЛЫКТЫН АСТЫНА ЖАҢЫ КОММЕНТАРИЙ ЖАЗЫП ЖАТАТ.
ТЫК ТЫК
Биздин айылда эми инклюзивдик бала бакча ачылат
Ташмат
Туугандар, токтоткула мындай сөздөрду! Майыптыгы барбы, жокпу - биринчиден баары биздин балдарыбыз! Келгиле ушул бала бакчага белек кылалы – оюн аянтча куруп берели!
й ц у к е н г ш щ з х

**Билдирүү:**
Ар бир адам, ден соолугу кандай болсо да, урматтоого, түшүнүүгө жана тең укуктарга татыктуу. Инклюзия – бул чектөөсүз бардык адамдардын жашоого катышуусу. Бул коомду күчтүү жана боорукер кылат.

**Эсиңиздерде болсун:**

- Кастык тилин колдонуу жана майыптыгы бар адамдарды дискриминациялоо коомдо адилетсиздик жана чыдамсыздык атмосферасын пайда кылат.
- Кыргызстанда мыйзам майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргойт.
- Кордогон сөздөр психологиялык жана эмоционалдык оор жаракаттарды алып келиши мүмкүн.

**Жоопкерчиликтүү болуңуз:**

- Дискриминациялык сөздөрдөн жана жүрүм-турумдардан алыс болуңуз.
- Башкалардын сезимдерин жана укуктарын урматтаңыз.
- Ар ким үчүн жеткиликтүү чөйрөнү түзүү демилгелерин колдоңуз.

Бул басылма Internews ишке ашырып жаткан «Анык окуялар аркылуу аудиториянын туруктуулугун жогорулатуу» (CARAVAN) долбоорунун алкагында Европа Биримдиги тарабынан каржыланат. Анын мазмуну үчүн Жамааттык Медиа гана жоопкерчиликтүү жана ал Европа Биримдигинин жана Интерньюстун көз карашын сөзсүз түрдө чагылдырбайт.